DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-56-197-201
УДК: 37

***Муратов Т. Р.,*** *окутуучу, t.muratov_73@mail.ru*
*ORCID: 0009-0003-6367-159X*
*Б. Сыдыков ат. Кыргыз-Өзбек*
*эл аралык университетинин*
*медициналык колледжи, Ош ш., Кыргызстан*

# БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ТАРБИЯЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ БААЛУУЛУКТАРЫ

*Бул макалада, негизинен, билим берүүдөгү укуктук жана экономикалык көйгөйлөр каралды. Билим берүү системасы мамлекетти өнүктүрүүдөгү эң маанилүү фактор болуп эсептелет. Кыргызстан өзүнчө эгемендүү мамлекет болуп, өз тушоосун өзү кесип, өз алдынча багыт алгандан бери бир канча убакыттын жүзү болду. Ушул жылдар аралыгында билим берүү системасы алгылыктуу да, кээде оош-кыйышы да болуп келүүдө. Билим берүүдөгү укуктук жана экономикалык көйгөйлөр кайдан чыгат жана аны чечүүнүн жолдору барбы? Бул суроолор өлкөнүн келечегин ойлогон ар бир инсанды түйшөлтсө керек. Анткени билим берүүнү өнүктүрүү, системага жаңылыктарды алып кирүү аркылуу гана учурдагы келечектин муунун окутуп тарбиялайбыз.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *укук, көйгөй, фактор, талап, билим, экономика, сленг, педагог, тарбиячы, жаштар, үй-бүлө.*

***Муратов Т. Р.,*** *преподаватель, t.muratov_73@mail.ru*
*ORCID: 0009-0003-6367-159X*
*Медицинский колледж КУМУ им. Б.Сыдыкова,*
*г. Ош, Кыргызстан*

## ВОСПИТАТЕЛЬНЫЕ И КУЛЬТУРНЫЕ ЦЕННОСТИ ОБРАЗОВАНИЯ

*В данной статье в основном рассматриваются правовые и экономические проблемы в сфере образования. Система образования считается важнейшим фактором развития государства. Кыргызстан уже давно стал независимым государством, отрезал свою территорию и стал идти своим путем. В эти годы система образования была приемлемой, а иногда и терпела неудачу. Откуда берутся правовые и экономические проблемы в образовании, и есть ли пути их решения? Эти вопросы должны волновать каждого, кто думает о будущем страны. Ведь воспитывать нынешнее поколение будущего мы будем только через развитие образования и внедрение в систему новшеств.*

***Ключевые слова:*** *право, проблема, фактор, спрос, образование, экономика, сленг, учитель, воспитатель, молодежь, семья.*

***Muratov T. R.,*** *teacher, t.muratov_73@mail.ru*
*ORCID: 0009-0003-6367-159X*
*Medical college KUMU after B. Sydykova, Osh, Kyrgyzstann*

## EDUCATION OF EDUCATIONAL AND CULTURAL VALUES

*This article mainly deals with legal and economic problems in the field of education. The education system is considered the most important factor in the development of the state. Kyrgyzstan became an independent state a long time ago, cut off its territory and went its own way. In those years, the education system was unacceptable and sometimes failed. There are legal and economic problems in education and there are solutions for them? These questions should concern everyone who thinks about the future of the country. After all, we will educate the current generation of the future only through the development of education and the introduction of news into the system*

***Keywords:*** *right, problem, factor, demand, education, economy, slang, teacher, educator, youth, family.*

Турмуш ар дайым тынымсыз кыймылда болуп тургандыктан, анын бардык тармактарында да заманбап өзгөрүүлөрдүн болуп турушу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Мына ошондой артыкчылыктуу багыттардын бири билим берүү тармагы экендигине жалпы коом өз учурунда көңүл буруп, аны жаңылануу зарылдыгына басым жасады. Анткени мамлекеттин кубаттуу, күчтүү болуусу үчүн анын ар бир жараны билимдүү, жогорку маданияттуу болушу шарт.

«Эртеңкини ойлосоң, күрүч эк, он жылды ойлосоң, дарак эк, келечекти ойлосоң, балдарга билим бер, тарбияла», - деп кытай элинин жакшы накыл кебинде айтылгандай, өлкөбүздүн келечеги билимдүү жаштардын колунда. Учурда билим берүүнүн пайдубалы бала бакчадан тарта түптөлүп келүүдө.

Үй-бүлө жана мектепке чейинки билим берүү мекемеси мектеп курагына чейинки баланын өнүгүшү үчүн бирдиктүү тарбия-билим берүү мейкиндигине биригишет. Ата-энелер, мугалимдер менен балдардын ортосундагы мамиледе башкы орунду авторитардык эмес, улуу кичи менен баланын инсандыкка жеке багытталган өз ара аракети ээлеп турушу керек. Бул мугалимдер жана ата-энелер пикир алышуу процессинде балага төмөндөгүлөрдү камсыз кылуу керек дегенди түшүндүрөт:

психологиялык коопсуздукту сезүү;

дүйнөгө ишеним көрсөтүү;

эмоционалдык туруктуулук;

жеке маданиятынын негизин түптөө;

жеке касиеттеринин өнүгүшү.

Бул жыйынтыкка бакча жана үй-бүлөнүн ортосундагы гармониялуу өз ара аракеттеринин натыйжасында гана жетишилет [1].

Билим берүүдөгү тарбия, маданий баалуулуктар жана экономикалык көйгөйлөр азыркы учурда өлкөбүздө эң негизги маселелердин бири болуп саналат. Менин оюмча, билим берүү маселелеринде биз эң алгач мугалимдерди тандообуз абзел. Себеби азыркы замандын талабына жараша мектепти бүтүргөн окуучунун баары эле жогорку окуу жайда окусам, студент болсом деген максатты алдына коюп келет.

Эң эле кабырганы кайыштырып зээнди кейиткени – мен эч болбосо, педагог болушум керек деген жаш муундардын ою, мына ушуга таарынам, ызаланам, биздин келечек кайда бара жатат деп кейиймин. Эмне биздин жаштарыбыздын алдына койгон максаты эптеп эле жогорку окуу жайга илешүүбү же мен окудум деген сөзбү, же болбосо кызыгуусу жокпу, болгону куру намыстын кулу болуп баратканыбыздын белгисиби, билбейм. Бизде билим берүүдөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн башкысы – мугалимдерди тандоо, педагогикалык билимди тереңдетип берүү, сынактарды эң жогорку деңгээлде өткөрүп сандан сапатка өтүүбүз. Жогорку көрсөткүч менен тандалып алынган абитуриент жакшы студент, келечектеги мыкты мугалим боло алат.

Окуучуларыңыздын жашоосундагы мыкты мугалим болууну каалоо – бул жүрөгүңүздөгү сүйүү жана жакшылыкка умтулуу. "Мектептен өткөн жакшы нерсе жок!" - дейт жакшы мугалим. Бул кесип – жашоого, балдардын күлкүсүнө, жаштыкка толгон бир байлык. Мугалим мектептен чыкканда гана картаят [2].

Менин айткым келген нерсе: биз педагогикалык билим берүүчү жайларга эң көп көрсөткүч менен кирген абитуриентти кабыл алуубуз зарыл. “Педагог” деген сөз грек тилинен алынган, бизче которгондо, тарбиячы деген маанини түшүндүрөт.

Демек, тарбиячылар – булар мугалимдер, мейли космонавт болсун, мейли куруучу болсун, мейли ажо, депутат болсун, бардыгы эң алгач жөпжөнөкөй мугалимден билим-тарбия алышат, сабатын ачышат, тамга таанып, оюн баракка түшүрүп жазууну үйрөнүшөт.

Билиминен сырткары шык жана жөндөмдүүлүгүнө да карап тандашат. Окутуучу болуш үчүн табияттан берилген талант, окуучу менен мамиле түзө билүү, адамга оюн түшүндүрүүсү керек. “Бала жүрөгү жазылбаган барактай, ага эмнени жазсаң, ошону айта алат”, - деп педагог ойчулдарыбыз айткан. Мугалим баланын жүрөгүнө кирүүчү эшикти таба билүүсү зарыл. Биз өнүккөн заманда жашап жатабыз, бирок азыркы жаш муундардын китепке болгон суук мамилеси, кызыгуусунун жоктугу байкалат. Жаштардын баары ак барактуу китептерди барактап окуунун ордуна көз нурун алган сенсордук экранды нары-бери жылдырып иштетүүсү, кайдагы акыл сыйбаган сленг сөздөрдү сүйлөшүүсү зээниңди кейитет. Көчөдө баратсаң, жаш муундар бири бири менен “сен “хатага” качан барасың” же “сенин кийген көйнөгүң “зыңк го” деген таштанды сөздөрдү сүйлөгөнүн угуп, таң каласың. Минтип сүйлөшкөнүнө кимдерди күнөөлөйбүз, билим берүү системасында мугалимдин өзүнө караганда компьютерди көбүрөөк укукка ээ кылып койдук окшойт [3].

Билим берүүдөгү укуктук жана экономикалык көйгөйлөргө кулак төшөп көрөлүчү. Билим берүү системасы мамлекетти өнүктүрүүдөгү эң маанилүү фактор болуп эсептелет. Кыргызстан өзүнчө эгемендүү мамлекет болуп, өз тушоосун өзү кесип, өз алдынча багыт алгандан бери бир канча убакыттын жүзү болду. Ушул жылдар аралыгында билим берүү системасы алгылыктуу да, кээде оош-кыйышы да болуп келүүдө. Билим берүүдөгү

укуктук жана экономикалык көйгөйлөр кайдан чыгат жана аны чечүүнүн жолдору барбы? Бул суроолор өлкөнүн келечегин ойлонгон ар бир инсанды түйшөлтсө керек. Анткени билим берүүнү өнүктүрүү, системага жаңылыктарды алып кирүү аркылуу гана учурдагы келечектин муунун окутуп тарбиялайбыз. Билим берүүдөгү укуктук көйгөйлөргө сарасеп салып көрөлүчү:

1. Бала бакчалардан баштап, жогорку окуу жайларга чейин билим берүү мекемелерининн мамлекеттик жана жеке менчик деп бөлүнүшү;
2. Билим алууда балдардын бюджеттик жана келишимдик негизде билим алышы, башкача айтканда, бир кылка эместиги;
3. Билим берүүдө корупциялык системанын орун алышы;
4. (Билим берүүдөгү) өлкөбүздөгү талаптардын (бай-кедей) болуп бөлүнүшү [4].

Ал эми экономикалык көйгөйлөр – биздин өлкөдө эң орчундуу маселе. Мамлекеттин ар бир кадамы экономикага байланыштуу. Эгерде экономикабыз өнүгүп жатса, анда билим берүүдөгү экономикалык көйгөйлөр жаралмак эмес.

Экономикалык көйгөйлөр жогоруда көрсөтүлгөн укуктук көйгөй менен байланыштуу:

1. Мамлекет тарбынан билим берүү системасына жетишерлик каражат бөлүнбөйт;
2. Мугалимдердин айлык акысы аз, коммуналдык төлөмдөргө жардам берилбейт, турак-жайы жок мугалимдер өтө көп;
3. Аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарына жеңилдиктер аз берилет, натыйжада, жакшы окуугаан окуучу деле өзү каалаган окуу жайга окубай калат;
4. ЖРТга тапшырууда шаар менен айылдын жашоо-шарты, мүмкүнчүлүгү анча эске алынбайт;
5. Айыл жеринде окуучуларды ар тараптан өнүктүрүүчү окуу борборлору, музыкалык мектептер жокко эсе.

Өлкө турмушуна жандуу катышкан, анын тарыхын жана маданиятын урматтаган, келечеги үчүн иштөөгө даяр Кыргызстан жаранын калыптандыруу билим берүү саясатынын түпкү максаты болуусу зарыл. Чындыгында, өлкө азыркы мезгилде глобалдык атаандаштыкка туруштук берүү үчүн билим берүү системасына ар тараптан колдоо көрсөтүү, мамлекеттин ар бир жараны өз мезгилинин талаптарына, иштеген кесибине ылайык билимге ээ болгудай шарт түзүү керек экендиги күн тартибиндеги биринчи маселе болуп калды. Мында баарыбыз көңүл бурчу нерсе – жоопкерчилик зоналарын так бөлүштүрүү керектиги. Башкача айтканда, мамлекет кайсы маселелер үчүн жооп бериши керек, бизнесмендер менен жарандык сектор кандай милдеттерди аркалай алат, ата-энелердин мүмкүнчүлүктөрү эмнеге жетет, мына ушул сыяктуу маселелерди так аныктап алсак, иш алдыга жылып, максаттар да жүзөгө ашырылышы үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлмөк.

Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын дипломдору дүйнөдө таанылуусуна жетишүү зарылдыгына айрыкча көңүл бурулуп, мындан ары орто же жогорку билим жөнүндө диплом алган адистин билими менен жөндөмү ошол дипломго дал келгендей болуусу зарыл деген талаптын коюлушу бүгүнкү күндө өтө көйгөйлүү жана актуалдуу маселелердин ана башы болуп турган чак. Билим берүүнү өнүктүрүүнүн бул улуттук долбоорундагы идеяларды жүзөгө толук кандуу ашыруу үчүн ар кайсы

министрликтердин, мекемелердин, жарандык коом жана бизнес өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзүлүп, ал топ үч ай ичинде долбоорду иштеп чыгып, мамлекет башчысынын бекитүүсүнө сунуштай тургандыгы да – ар тараптан колдоого алынуучу иштиктүү сунуш. Өлкөбүз үчүн мына ушундай саясый жана маданий мааниси зор долбоорду жүзөгө ашырууда, баарыдан мурда, жогорку окуу жайларынын жамааты активдүүлүктү көргөзүүгө милдеттүүбүз [5].

Ошондуктан жогоруда саналган көйгөйлөр орчундуулары гана. Эгерде билим берүүдөгү укуктук жана экономикалык көйгөйлөр иликтенип, ага карата мамлекет тарабынан шарттар түзүлсө, сонун болмок. Анткени билим берүүнү жакшыртуу аркылуу гана бакубат келечекти түзө алабыз.

**Адабияттар:**

1. Расулова, Г. С. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасына методикалык сунуштар. V бөлүм [Текст] / Г. С. Расулова. - Бишкек, 2018. -242-243-бб.
2. [Электрондук ресурс].- https://ky.scienceforming.com ›
3. [Электрондук ресурс].- https://www.bbc.com › topics
4. Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы. [Текст] - Бишкек, 2021. - 6-7-бб.
5. Жунушалиева, К. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / К. Жунушалиева // Шоокум. - 2012. - №11. - 11-б.